| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧУЙ ОБЛУСУ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>КҮНТУУ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КҮНТУУСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# КҮНТУУ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

**2026-жыл 28-январь №1/7** **Кызыл-Туу айылы**

**Маловодное айылдын аталышын Ичке-Суу айылы деп атоого макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Географиялык аталыштар жөнүндө" Мыйзамын жетекчилике алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасындагы географиялык объекттерди атоо, алардын аталышын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби" жөнүндө жобонун негизинде, Чуй облусунун Сокулук районунун Күнтуу айыл аймагына караштуу Маловодное айылын Ичке-Суу айылына өзгөртүү боюнча Маловодное айылынын тургундарынын кайрылуу арызын талкуулап, Күнтуу айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Чуй облусунун Сокулук районунун Күнтуу айыл аймагына караштуу Маловодное айылынын аталышын Ичке-Суу айылы деп атоого макулдук берилсин.
2. Бул токтомдун түп нускасы Сокулук райондук мамлекеттик администрациясына жиберилсин.
3.Мындан аркы иш-чараны мыйзам чегинде алып баруусу Күнтуу айыл өкмөтүнүн башчысы М.Б. Суюналиевге тапшырылсын;
4. Күнтуу айылдык кеңештин жооптуу катчысы Н.К. Джумабаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсүн ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигине жөнөтүлсүн;
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет;
6.Бул токтомдун аткарылышын өз көзөмөлүмө калтырам.

**Төрага** **Ж.Ж. Султанбеков**